**«Бекитемин»**
КР УИАнын Б.Жамгырчинов
атындагы Тарых, археология
жана этнология институтунун
директору А.А. Асанканов
____________________
"31" январь 2025-ж.

**КР УИАнын Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун кеңейтилген курамдагы жыйынынын №1 протоколунун көчүрмөсү**

Бишкек шаары, 31-январь 2025-жыл

**Катышкандар:**

1. Кубатова А.Э. - т. и. к. (07.00.02), жыйындын төрайымы;
2. Асанканов А. А.- т.и.д. (07.00.02), академик;
3. Нур уулу Досбол - т.и.д. (07.00.02; 07.00.09);
4. Арзыбаев Т.К.- т.и.к. (07.00.02);
5. Султаналиев Б.Т. – илимий кызматкер;
6. Дакенова Н.А. – илимий кызматкер.

**Күн тартиби:**

1. Ага окутуучу Жумалиева Венера Боронбаевнанын "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темадагы 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты

окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**Төрайым**: Урматтуу кесиптештер, бүгүн 31-январь 2025-жылы КР УИАнын Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жыйынында ага окутуучу Жумалиева Венера Боронбаевнанын "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы талкуулоого алуу, адистиги:. 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы.

Илимий жетекчиси - тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулайманович.

Диссертациянын мазмуну, маңызы, максаты жана өзөктүү жерлери тууралуу айтып берүү үчүн сөз изденүүчү Жумалиева Венера Боронбаевнага берилет.

**УГУЛДУ:**

Изденүүчү Жумалиева Венера Боронбаевна: Урматтуу жыйындын мүчөлөрү! "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темада жазылган диссертациянын негизги мазмунун ачып берүүгө уруксат берсениздер. Диссертациянын негизги жыйынтыгын билдирүүнүн алдында Ормушев Асан Сулаймановичке илимий ишти жазууда илимий жетекчи катары кылган эмгегин белгилеп, терең ыраазычылык билдирем.

*Изилдөөнүн актуалдуулугу:*

Кыргыз совет мамлекетин түптөөдө жана калыптандырууда чоң салым кошкон чыгаан мамлекеттик ишмер Жусуп Абдрахмановдун жөнөкөй адамдык сапаттарын жана мамлекеттик ишмердигин жаңы көз караште кароо менен ар тараптуу иликтөө жүргүзүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири болуп эсептелет.

Орто Азия аймагында Совет бийлигин орнотууда, андагы жашаган элдерди улуттук мамлекеттүүлүктөргө бөлүүдө, Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшүнө Жусуп Абдрахмановдун кошкон жеке салымдарына

саясий талдоо жүргүзүү, так, туура илимий баа берүү жана окуп үйрөнүү коомубуздун негизги талабы.

Кыргыз Республикасынын президенти С.Жапаров 2021-жылы 11-февралда “Азыркы кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө зор салым кошкон Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Ж. Абдрахмановдун элесин түбөлүккө калтыруу жана анын туулган күнүнүн 120 жылдыгын жогорку улуттук деңгээлде майрамдоо” жарлыгынын алкагында Кыргызстандын совет доорунун тарыхындагы өнүгүү мезгилин акыйкаттык менен изилдеп, чыгаан мамлекеттик ишмер Жусуп Абдрахмановдун ар тараптуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн терең изилдөө жана жаңыча көз караш менен кароо маселеси көтөрүлгөн.

Анткени, совет коомундагы саясий кырдаалдын кесепетинен Жусуп Абдрахманов дегеле болбогондой, жашабагандай «жоромол» түзүлүп, элдин эс-тутумунан чыгарылган. XX кылымдын 90-жылдарында коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү менен кыргыз тарых илими дагы принципиалдуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Советтик саясий система жаңы доорго ылайык келбей, доорлордун алмашышы мекенчил мамлекеттик ишмерге, Жусуп Абдрахмановдун келечекти көрө билген даанышмандыгынын, көсөмдүгүнүн, мамлекеттик жогорку деңгээлде ой жүгүрткөн интеллектисинин, улуттук лидер катары өлкөнүн бүтүндүгүн, улуттун көз карандысыздыгын бийик койгон ишмердүүлүгүн окуп-үйрөнүү өлкөнүн жаш муундары Ата Мекенин сүйүүгө, мекенчил болууга шыктандырууга түрткү берет. Ошондуктан, сунушталып жаткан диссертациялык эмгек илимий жана практикалык жактан коомчулукка пайда алып келиши менен актуалдуулукка ээ.

Жусуп Абдрахманов өзгөчө коомдук феномен жана улуттун лидери катары дагы деле болсо жалпы коомчулуктун кызыгуусун жаратып келе жатат. Анткени, Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттүүлүк, анын кызыкчылыгы жана көз карандысыздыгы үчүн болгон саясий күрөшү азыр дагы актуалдуу. Ошондуктан Жусуп Абдрахмановдун ысымы жана ишмердүүлүгү адамдардын аң-сезиминде жашап, ажырагыс байланышта

экендиги бекеринен эмес. Кээ бир улуттук лидерлер коомчулуктун символу жана саясий жүрүм-турумдун үлгүсү болот, Жусуп Абдрахманов дагы "Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн символу" менен "Көз карандысыздыктын символу" болуп калды. Анткени, Жусуп Абдрахманов тууралуу тарыхый документтер жана материалдар менен таанышканда, ал суверендүүлүк үчүн туулган адам катары аң-сезимде орноп калат. Ал эми, архивдик жаңы малыматтар жана Жусуп Абдрахмановдун өздүк архиви айтылган маселелерге далил болуп, жаңы тарыхтын жазылышына өбөлгө түзөт.

Кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн максаттуу күрөшүнүн натыйжасында Жусуп Абдрахманов өлкөнүн өнүгүшүн камсыз кылып, өмүрүн улуу күрөштөргө арнаган. Ошондуктан кыргыз совет мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түзүүчүлөрдүн башында турган, өлкөнүн көз карандысыз, эркин өнүгүшү үчүн өмүрүн берген белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмер Жусуп Абдрахмановдун көп кырдуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн изилдөө Кыргыз Совет мамлекетинин түзүлгөндүгүнүн жүз жылдык тарыхын окуп-үйрөнүү үчүн да маанилүү.

*Максаты жана милдеттери:* Изилдөөнүн максаты-Жусуп Абдрахмановдун өмүр жолу аркылуу Кыргызстанда совет мамлекетинин түптөлүү жана калыптануу мезгилиндеги тарыхына илимий негизде изилдөө жүргүзүү болуп саналат.

Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

- Илимий изилдөөнүн тарыхнаамалык жана булактык маалыматтарына талдоо жүргүзүү;
- Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгүн изилдөө процессинде архивдик материалдарды илимий айлампага киргизүү;
- Жусуп Абдрахмановдун алгачкы ишмердүүлүгүнө илимий талдоо жүргүзүү;
- Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөдө анын улуттук лидерлик сапаттарын аныктоо;

- Кыргызстандын 1920-1930-жылдардагы эл чарбасынын өнүгүшүнө кошкон салымын иликтөө;

- Жусуп Абдрахманов курмандыгы болгон репрессия саясатын аныктоо;

- Диссертациялык изилдөөлөрдүн негизинде жыйынтык чыгаруу жана сунуштарды даярдоо.

Изилдөөнүн *хронологиясы:* Жусуп Абдрахмановдун басып өткөн өмүр жолу, саясий, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүн камтыган 1901-1938-жылдар изилдөөгө алынды.

*Изилдөөнүн объектиси катары* Жусуп Абдрахмановдун ишмердүүлүгү каралды.

*Изилдөөнүн предмети* – мамлекеттик ишмер Жусуп Абдрахмановдун басып өткөн өмүр жолу, алгачкы советтик кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө жана калыптанышына кошкон салымын аныктоо болуп саналат.

*Изилдөөнүн деңгээли*: 1980-жылдардан баштап Жусуп Абдрахмановдун ишмердүүлүгү илимпоз тарыхчылардын, социологдордун, саясат таануучулардын, укук таануучулардын, мамлекеттик-коомдук ишмерлердин жарык көргөн илимий эмгектеринде, макалаларда жана очерктерде ар кандай деңгээлде чагылдырылып келе жатат.

Жусуп Абдрахмановго тиешелүү жазылган тарыхнааманы *5 топко* бөлүп, талдоо жүргүзгөнгө аракет жасалды. *Биринчи топко*, советтик тарыхчылар П.Галузо жана Ф.Божконун эмгектери кирди. Анткени, бул топто саналуу гана эмгектер болсо дагы, бул советтик тарыхчылардын эмгектери Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгүн ачканга кандайдыр бир деңгээлде көмөк көрсөттү. *Экинчи топко* чет өлкөдө жарык көргөн эмгектер киргизилди. Францияда (Париж) эмиграцияда жүргөн казак элинин белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмери М.Чокаевдин Жусуп Абдрахмановдун 1926-жылы 1916-жылдагы көтөрүлүш жөнүндө жазган макаласы каралды. Түрк окумуштуусу, тарых илимдеринин доктору

Абдуакап Кара М.Чокаевдин француз тилиндеги тандалган макалаларын орус тилине которгон. Анда эмигрант М.Чокаевдин 1920-1930-жылдардагы Совет мамлекетинин түрк дүйнөсүнө болгон саясаты чагылдырылган. Бул эмгекте 1930-жылдардагы ачарчылык мезгилдеги Жусуп Абдрахмановдун кыргыз эле эмес, казак эли үчүн жасаган эмгеги талдоого алынган. Ошондой эле, тажик окумуштуусу Р.Масовдун эмгеги дагы изилдөө ишинде салымын кошту. *Үчүнчү топто* кыргыз тарыхчыларынын эмгектери талдоого алынды. Кыргызстандын белгилүү тарыхчы-окумуштуулары Ж.Ж.Жунушалиев менен И.Е. Семеновдун Жусуп Абдрахманов тууралуу жазган алгачкы эмгегин, З.К.Курманов, К.Молдокасымов жана Д.Б.Сапаралиев, А.М.Жумабаева, Ж.Байдилдеев ж.б. эмгектерин атоого болот. Педагогика илимдеринин доктору, профессор И.С.Болжурова менен Ж.К.Бөкөнбаеванын эмгеги Жусуп Абдрахмановду Советтик Кыргызстандын биринчи дипломаты катары карап, анын ар тараптуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн ачып бергенге түрткү болду. *Төртүнчү топто* жооптуу мамлекеттик ишмерлердин эмгектери талдоого алынды. Жусуп Абдрахмановдун ишмердүүлүгүнө Кыргыз Республикасынын мурдагы президенттери да кайрылып, тарых алдындагы чоң жоопкерчиликти Жусуп Абдрахмановдун мууну алганын баса белгилешкен. Мисалы, А.Акаевдин, мамлекеттик ишмер И.Абдуразаковдун эмгектери Жусуп Абдрахмановду көрүнүктүү мамлекеттик ишмер катары мүнөздөөдө жана салыштырмалуу анализ берүүдө өз салымын кошту. *Бешинчи топко* Жусуп Абдрахманов тууралуу кызыктуу маалыматтар маектешип, сурамжылоо аркылуу киргизилди. Ысык-Көл областынын Ысык-Көл районундагы Жаркынбай айылынын тургундары К.Молдогазиев, Мамыткан уулу Жекшенби, Мукай уулу Алмаздын Жусуп Абдрахманов тууралуу, башкача айтканда, анын 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш жана КАССР Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы болуп иштеп жаткан мезгилиндеги маалыматтар киргизилди.

*Изилдөө булактары:* Кандидаттык диссертациялык иште коюлган максат менен милдеттерге жетүүдө колдонулган тарыхый булактарды:

1. Укуктук-ченемдик документтери жана материалдар жыйнактары;

2. Архивдик материалдар, өздүк документтери: макала, эмгеги, сүйлөгөн сөздөрү, каттары жана тарыхый күндөлүгү;

3. Мезгилдүү басма сөз булактары жана жазуучулардын эмгектери;

4. Мезгилдик басма сөз материалдарында жарык көргөн илимий изилдөөчүлөрдүн илимий макалалары деп 4 топко бөлүп, талдоого алынды.

*Изилдөөнүн теориялык -методологиялык негизи:* Азыр тарых илими дүйнөлүк тарых илиминин методологиялык жетишкендиктерин активдүү колдонууга мүмкүнчүлүк алып, тарых илиминде түрдүү методологиялар колдонулуп жатат.Тарыхты таанып-билүүдөгү плюрализм принциби көз караштардын көптүгүн гана эмес, тарыхый изилдөөнүн методдорунун көптүгүн дагы айкындап берди. Демек, тарыхта объективдүү чындыкка жакындоонун дагы бир жолу методологиялык плюрализмдин болушу саналат. Ишти изилдөөдө диалектикалык методдун жалпы принциптерине таянып, өмүр баянды жазуудагы негизги шарты катары тарыхый, саясий, маданий жана күнүмдүк жашоо үчүн белгилүү бир баалуулуктардын болгондугу эске алынды. Автор өмүр баянды жазууда адатта, хронологиялык, объективдүүлүк, тарыхыйлуулук (историзм ), системдүүлүк принциптерине негизделип, иликтөөгө алды.

Изилдөөнүн методологиялык негизин тарыхый изилдөөнүн жана илимий анализдин жалпы илимий методдору түздү.Ошол эле учурда, системалык структуралык анализдин чоң мааниси бар, ал бизге өнүгүп келе жаткан ар кандай кубулушту тиешелүү түзүлүшү жана функционалдык мааниси бар белгилүү бир система катары кароого мүмкүндүк берди. Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгүн изилдөөдө тарыхый-генетикалык, хронологиялык, салыштырмалуу-тарыхый, ретроспективдүү, синхрондуу, биографиялык жана "оозеки тарых" методдору колдонулду.

*Диссертациянын илимий жаңылыгы төмөнкүлөр менен шартталат:*

1. Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү боюнча илимий изилдөө учурунда Россия (Москва, Самара, Оренбург), Өзбекстан (Ташкент),

Казакстан (Алма-Ата) жана Кыргызстанда (Бишкек, Каракол) табылган жаңы маалыматтарды киргизүү аркылуу ар тараптуу изилдөө жүргүзүлдү.

2. Чыгаан мамлекеттик ишмердин кыздарын, жакын туугандарын жана айылдаштарын сурамжылоонун негизинде ата-теги, бир туугандары, үй-бүлөсү жана окуп билим алышы тууралуу маалыматтар алгачкы жолу такталды.

3. Жаңы тарыхый булактарга таянып, Жусуп Абдрахмановдун улуттук лидерлик жана мамлекеттүүлүктү түзүүдөгү орду, 20 – 30 – жылдарда өлкөнүн чарбалык – маданий өнүгүшүнө кошкон ишмердүүлүгүнө кеңири талдоо жүргүзүлдү.

*Иштин практикалык мааниси.* Изилдөөнүн жүрүшүндөгү жыйынтыктардын жана болгон материалдардын негизинде Кыргызстандын тарыхында өзгөчө орду бар Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмер катары анын ролун тереӊ түшүнүүгө жардам берүү менен түшүндүрүлөт. Жусуп Абдрахмановдун диссертациядагы изилденген көп кырдуу бай мамлекеттик ишмердүүлүгү азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасынын демократиялык өнүгүүдөгү ар тараптуу маселелерди чечүүдө кандайдыр бир деңгээлде көмөктөшү мүмкүн. Ошондой эле изилдөөдөн алынган илимий тыянактар жана сунуштар тарыхый инсандардын өмүрүн жана ишмердүүлүгүн окуп – үйрөнүүдө жогорку окуу жайлардын, орто мектептердин Ата Мекен тарыхы боюнча окуу куралдарын түзүүдө, атайын курстарды, семинарларды жана лекцияларды уюштурууда жардамы тиймекчи. Ата Мекен тарыхынын совет доорундагы маселелерди иштеп чыгуу үчүн пайдаланууда көмөк көрсөтөт.

*Илимий иштеги коргоого коюлуучу негизги жоболор.*

1. Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүн изилдөөдө мамлекеттүүлүктү түзүүнүн башатында тургандыгы, аны чыныгы улуттук лидер деп атоого негиз бар. Анын өмүрү жана ишмердүүлүгү муундардын аң-сезимине орнотуп, Ата Мекенди сүйүүнүн үлгүсү катары берилиши зарыл.

2. Жусуп Абдрахманов 1920-30-жылдары эле кыргыз тилинин милдеттүү түрдө окутулушу жөнүндө саясий документтерди кабыл алган. Мындай чечимдер анын улуттук интеллигенциянын ири өкүлү жана даремети күчтүү жетекчи экендигин айгинелейт.

3. Жусуп Абдрахманов КАССРдин ЭККнын төрагасы болуп иштеп турган мезгилде темир жол аркылуу соода экономикалык байланышты өнүктүүрү керек экендигин туура баамдаган. Азыркы улуттук кыргыз темир жол тармагынын алгачкы каттамдарынын курулушуна негиз салган.

4. Көмүр казып алуу – оор индустриянын негизги тармактарынын бири болгондуктан Жусуп Абдрахмановдун жетекчилиги астында жаңы техникалар менен жабдылып, көмүр казып алуу бир кыйла жогорулаган.

5. Анын демилгеси менен Сүлүктү көмүр ишканасын Өзбекстандан Кыргызстанга өткөрүп берүү зарылчылыгын 1927-жылы 7-майдагы каттын негизинде И.В.Сталинге кайрылган. Өкмөт башчы катары Жусуп Абдрахмановдун расмий кайрылуусунан кийин 1927-жылы 8-июлда СССР БАКтын Президиуму Сүлүктү көмүр кенин Кыргызстанга өткөрүп берүү жөнүндөгү чечимин кабыл алган.

6. Жусуп Абдрахманов таланттуу уюштуруучу, келечекти көрө билген жетекчи катары 26 жаш курагында алгачкы кыргыз өкмөтүн жетектеп, Кыргызстандын эл чарбасындагы эң орчундуу ири долбоорлордун ишке ашышын камсыз кылган. Айыл чарбасын өнүктүрүү аркылуу калкты тамак-аш, азык-түлүк, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кылуу максатын көздөгөн. Мал чарбачылыгы, дыйканчылык аркылуу айыл чарбасынын өнүгүшүнө шарт түзгөн.

*Иштин апробацияланышы.* Диссертациялык иштин негизги мазмуну жана илимий корутундулары республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда баяндама жасалды. Ошондой эле, 1924-жылы февраль айында Стамбул (Турция) шаарындагы Айдын университетинде Жусуп Абдрахманов тууралуу лекция окулуп, Кара-кыргыз автономиялык областтын 100 жылдыгына карата И.Арабаев атындагы

КМУнун М.Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунда архивдик материалдардын негизинде “Кылым кыйыры: Кара-Кыргыз автономиялык областынын түзүлгөнүнө 100 жыл” аталышындагы көргөзмө уюштурулду. Бул көргөзмө Кыргызстандын региондорундагы ЖОЖдо да уюштурулуп, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негизин түптөгөн белгиүү инсандардын, башкача айтканда, Ж.Абдрахмановдун, И.Арабаевдин, С.Чоңбашевдин, Ж.Садаевдин, И.Тойчиновдун ж.б. көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлердин жеке документтери коомчулукка көрсөтүлдү. Ушул көргөзмө Москва шаарындагы Кыргыз Республикасынын Элчилигинде коюлуп, Жусуп Абдрахманов тууралуу Элчиликте жана Москва шаарындагы Жогорку экономика мектебинин студенттерине лекция окулду.

*Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын изденүүчү басмада жарыялаган эмгектерде чагылдырышынын толук көлөмү:* Илимий иштин негиздери жана жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын УИА сунуштаган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик рецензияланган журналдарда жана башка илимий жыйнактарда жарыяланган. Илимий иш боюнча жалпы 14 илимий макала жана 1 монография жарык көрдү.

*Диссертациялык иштин структурасы.* Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

**Угулду:**

**Төрайым:** Баяндама үчүн рахмат. Изденүүчүгө сын- пикирлериңиздерди берсеңиздер.

**Чыгып сүйлөштү:**

**Асанканов А.А**: Венера Боронбаевна абдан жакшы теманы алган. Куттуктайм! Эмне үчүн талаш-тартыштарды жаратат? Себеби, Жусуп Абдрахманов-улуу инсан. Максатыңа жеткенсиң, маселелер чечилген. Бирок, кээ бир маселелер боюнча сунуштарды дагы айтып койсок. Эмгекте кээ бир сөздөр орусча берилген, аларды тактап коюу керек. Изилдөөнүн максаттары

туура, милдеттерин карап коюшуң керек. Жусуп Абдрахманов М.Натансон тууралуу көп жазат, ал жөнүндө дагы кеңири бере кетсен деп ойлойм.

Көрсөтүлгөн сунуштарды эске алып, эмгекти диссертациялык кеңеште ачык коргоого сунуштайм.

**Жумалиева В.Б.**: Сунуштарыңызга чон рахмат! Ал сунуштарды эске алып, толуктоолор болот.

**Кубатова А.Э.**: Венера Боронбаевна көп архивдерде болду. Тактап айтканда, Россия, Казакстан жана биздин архивдерде болуп, шаарлар боюнча Москва, Самара жана Оренбургга чейин барып, архивдик маалыматтарды алып келди. Инсандын тарыхый бейнесин ачып берүүдө тарыхый жаңылыктар бар экенин көрүп, чындыгында таң калдым. Болгону 37 жыл жашаган адамдын өмүрү тарыхый окуяларга бай экендиги билинип турат. Себеби, Ж.Жунушалиев жана И.Е.Семеновдун эмгектеринен кийин баары эле чагылдырылган окшойт деп ойлогом. Көрсө дагы эле каралбаган, кошо турган маалыматтар көп экен. Жусуп Абдрахмановдун тарыхый бейнесин бир кыйла эле толуктаптыр. Венера Боронбаевна көп нерсени ачып бергенге аракет кылыптыр. Куттуктап кетмекчимин. Эмгекти карап чыктык, чоң жумуш аткарылыптыр. Бирок, сын-пикирлер дагы бар. 48-бетте хронологиялык, тарыхый-генетикалык методдор жакшы, салыштырмалуу-тарыхый, ретроспективүү жана синхрондуу методдорго жөн гана аныктамалар берилген, мисалдарды келтире кетсе болмок. 67-бетте автор өзүнүн пикирин толуктаса. Кээ бир документтердин оригиналы жарыяланып, кыскартылган сөздөр чечмелениши керек. Архивдик документтердин аталыштарын жазуу керек. Мындан тышкары иште грамматикалык жана стилдик мүчүлүштүктөр орун алган. Негизинен ишти жазууда абдан көп эмгек кылганыңыздар көрүнүп турат, ошондуктан мен сунушталган пикирлерди оңдоо менен диссертациялык кеңеште ачык коргоого сунуштайм.

**Жумалиева В.Б.**: Суроо, сунуштаган пикирлериңизге чоң рахмат! Айтылган кемчилик жана сунуштарыңыздарды карап, толуктап чыгам.

**Нур уулу Досбол:** Эмгекти карап чыктык, китебин да окудум, жакшы жазылган. Мага жакты. Мен билбеген кызыктуу тарыхый маалыматтарды кездештирүүгө болот. Техникалык каталарды карап чыксаң. Мындан тышкары, киришүү менен корутундуну редакциялоо керек. Ийгилик каалайм. Менин пикиримде чоң эмгек жумшалганы байкалып турат, Венера Боронбаевнанын эмгегин коргоого сунуштайм.

**Жумалиева В.Б.:** Берген сунуштарыңызга чон рахмат! Албетте, техникалык кемчиликтер кетиши мүмкүн, оңдоо иштери жүргүзүлөт.

**Арзыбаев Т.К.:** Венера Боронбаевна бул иштин үстүндө көп жылдан бери иштеп келе жатат. Изилдөө ишинин алкагында Россиянын (Москва, Оренбург, Самара), Казакстандын жана Өзбекстандын архивдерине барып, кеңири архивдик маалыматтарды алып келгенин баса белгилеп коюшубуз зарыл. Албетте, жакшы иштер жасалган. Куттуктайм! Бирок, сын-пикирлер дагы орун алган. Жусуп Абдрахмановго ашыкча баа берилген жокпу? Балким, 2-баптын аталышын карап чыгасыңар. Стилдик жана грамматикалык жагына көңүл бурушуңар керек. Негизинен эмгек жакшы жазылган. Айтылган сунуштарды эске алса, бул диссертациялык ишти коргоого сунуштайм.

**Жумалиева В.Б.** Сунуш, сын-пикирлериңизге, чон ырахмат!Пикир, сунуштар каралат. Инсан маселесинде ар бир көрүнүктүү инсанды эли үчүн кандай иш кылды деп башка инсандар менен салыштырып, изилдейбиз. Жусуп Абдрахмановдун ар бир иши архивдик материалдар менен дыкат изилденип, жасаган иштерине баа бергенге аракет кылдык. Ал эми стилдик жана грамматикалык мүчүлүштөрдүн үстүндө оңдоо иштери болот.

**Султаналиев Б.Т.:** Венера Боронбаевнанын эмгегин окуп чыктык. Ал булактарга бай, жакшы эмгек болуптур. Жусуп Абдрахманов тууралуу жакшы билгениңиз көрүнүп турат. Менин пикирим боюнча жазуу стилиндеги “чыгаан”, “кыраакы” ж.б. сөздөрдү алып, башка сөздөр менен алмаштыруу керек. Жусуп Абдрахмановдун революция тарапка өткөндөгү ички карама-каршылыгын дагы кененирээк ачып берсеңиз. Иштин

**Нур уулу Досбол:** Эмгекти карап чыктык, китебин да окудум, жакшы жазылган. Мага жакты. Мен билбеген кызыктуу тарыхый маалыматтарды кездештирүүгө болот. Техникалык каталарды карап чыксаң. Мындан тышкары, киришүү менен корутундуну редакциялоо керек. Ийгилик каалайм. Менин пикиримде чоң эмгек жумшалганы байкалып турат, Венера Боронбаевнанын эмгегин коргоого сунуштайм.

**Жумалиева В.Б.:** Берген сунуштарыңызга чон рахмат! Албетте, техникалык кемчиликтер кетиши мүмкүн, оңдоо иштери жүргүзүлөт.

**Арзыбаев Т.К.:** Венера Боронбаевна бул иштин үстүндө көп жылдан бери иштеп келе жатат. Изилдөө ишинин алкагында Россиянын (Москва, Оренбург, Самара), Казакстандын жана Өзбекстандын архивдерине барып, кеңири архивдик маалыматтарды алып келгенин баса белгилеп коюшубуз зарыл. Албетте, жакшы иштер жасалган. Куттуктайм! Бирок, сын-пикирлер дагы орун алган. Жусуп Абдрахмановго ашыкча баа берилген жокпу? Балким, 2-баптын аталышын карап чыгасыңар. Стилдик жана грамматикалык жагына көңүл бурушуңар керек. Негизинен эмгек жакшы жазылган. Айтылган сунуштарды эске алса, бул диссертациялык ишти коргоого сунуштайм.

**Жумалиева В.Б.** Сунуш, сын-пикирлериңизге, чон ырахмат!Пикир, сунуштар каралат. Инсан маселесинде ар бир көрүнүктүү инсанды эли үчүн кандай иш кылды деп башка инсандар менен салыштырып, изилдейбиз. Жусуп Абдрахмановдун ар бир иши архивдик материалдар менен дыкат изилденип, жасаган иштерине баа бергенге аракет кылдык. Ал эми стилдик жана грамматикалык мүчүлүштөрдүн үстүндө оңдоо иштери болот.

**Султаналиев Б.Т.:** Венера Боронбаевнанын эмгегин окуп чыктык. Ал булактарга бай, жакшы эмгек болуптур. Жусуп Абдрахманов тууралуу жакшы билгениңиз көрүнүп турат. Менин пикирим боюнча жазуу стилиндеги “чыгаан”, “кыраакы” ж.б. сөздөрдү алып, башка сөздөр менен алмаштыруу керек. Жусуп Абдрахмановдун революция тарапка өткөндөгү ички карама-каршылыгын дагы кененирээк ачып берсеңиз. Иштин

стилисттик жана грамматикалык жактарын карап койсоңуз. Кээ бир инсандардын фамилиясы кирбей калган. Мен дагы Венера Боронбаевнанын ишин диссертациялык кеңеште ачык коргоого сунуштайм.

**Жумалиева В.Б.:** Чон рахмат! Айтылган сын-пикир жана сунуштар каралып, толуктоолор киргизилет. Бул маселе боюнча оңдоп, түздөө иштери болот.

**Дакенова Н.А.:** Эмгекти окуп чыктым. Жусуп Абдрахманов жөнүндө баалуу, кызыктуу маалыматтар берилген. Жакшы изилдөөгө алынган. Бирок менде сунуш бар, өнөр жайды тизмектеп жазыптырсыз. Ал жерге Интергельпо тууралуу дагы кененирээк берип кетсениз деп ойлойм. Венера Боронбаевнанын эмгегин коргоого сунуштайм.

**Жумалиева В.Б.:** Чон рахмат! Айтылган сунуштарыз каралып, толуктоолор киргизилет.

**Төрайым:** И.Арабаев атындагы КМУнун М.Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун ага окутуучусу Жумалиева Венера Боронбаевнанын "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" аттуу кандидаттык диссертациялык иши Кыргыз совет мамлекетин түптөөдө жана калыптандырууда чоң салым кошкон көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердигин жаңы көз караштa кароо менен ар тараптуу иликтөө жүргүзүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири болуп эсептелет. Анткени, совет коомундагы саясий кырдаалдын кесепетинен Жусуп Абдрахманов дегеле болбогондой, жашабагандай "жоромол" түзүлүп, элдин эс-тутумунан чыгарылган. Андыктан, бул өңүттөн алганда Жумалиева Венера Боронбаевнанын кандидаттык диссертациялык иши колдоого татыктуу. Иштин планына токтолсом, туура коюлган, тарыхнаама бөлүмүндө Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү боюнча айрым бир тактоолор киргизилсе, ал эми экинчи бөлүмдөгү кээ бир изилдөө ыкмалары каралып, кошумчаланса деген сунушту айтууга болот. Профессор А.А.Асанканов белгилеп айткандай, тема абдан жакшы, иш жакшы жазылган жана коюлган талаптарга жооп берет. Мындан аркы ишине ийгилик каалап койсок.

Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү талкуудагы сын пикирлерди эске алуу менен жалпы катышуучулар Жумалиева Венера Боронбаевнанын диссертациялык ишин ачык коргоого сунуш кылышты. Анда, добуш берип койсоңуздар.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: “МАКУЛ”- 6; “КАРШЫ”- жок; “КАЛЫС”- жок. Бир добуштан кабыл алынды.

И.Арабаев атындагы КМУнун М.Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун ага окутуучусу Жумалиева Венера Боронбаевнанын “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” деген темада тарых илимдеринин кандидаты 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Кыргыз совет мамлекетин түптөөдө жана калыптандырууда чоң салым кошкон чыгаан мамлекеттик ишмер Жусуп Абдрахмановдун жөнөкөй адамдык сапаттарын жана мамлекеттик ишмердигин жаңы көз караште кароо менен ар тараптуу иликтөө жүргүзүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири болуп эсептелет.

Орто Азия аймагында Совет бийлигин орнотууда, андагы жашаган элдерди улуттук мамлекеттүүлүктөргө бөлүүдө, Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшүнө Жусуп Абдрахмановдун кошкон жеке салымдарына саясий талдоо жүргүзүү, так, туура илимий баа берүү жана окуп үйрөнүү коомубуздун негизги талабы.

Кыргыз Республикасынын президенти С.Жапаров 2021-жылы 11-февралда “Азыркы кырыгыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө зор салым кошкон Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Жусуп Абдрахмановдун элесин түбөлүккө калтыруу жана анын туулган күнүнүн 120 жылдыгын жогорку улуттук деңгээлде майрамдоо” жарлыгында Кыргызстандын совет доорунун тарыхындагы өнүгүү мезгилин акыйкаттык

менен изилдеп, чыгаан мамлекеттик ишмер Жусуп Абдрахмановдун ар тараптуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн терең изилдөө жана жаңыча көз караш менен кароо маселеси көтөрүлгөн.

Анткени, совет коомундагы саясий кырдаалдын кесепетинен Жусуп Абдрахманов дегеле болбогондой, жашабагандай "жоромол" түзүлүп, элдин эс-тутумунан чыгарылган. XX кылымдын 90-жылдарында коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү менен кыргыз тарых илими дагы принципиалдуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Советтик саясий система жаңы доорго ылайык келбей, доорлордун алмашышы мекенчил мамлекеттик ишмерге, Жусуп Абдрахмановдун келечекти көрө билген даанышмандыгынын, көсөмдүгүнүн, мамлекеттик жогорку деңгээлде ой жүгүрткөн интеллектисинин, улуттук лидер катары өлкөнүн бүтүндүгүн, улуттун көз карандысыздыгын бийик койгон ишмердүүлүгүн окуп-үйрөнүү өлкөнүн жаш муундарын Ата Мекенин сүйүүгө, мекенчил болууга түрткү берет. Ошондуктан сунушталып жаткан диссертациялык эмгек илимий жана практикалык жактан коомчулукка пайда алып келиши менен маанилүү.

Жусуп Абдрахманов өзгөчө коомдук феномен жана улуттун лидери катары дагы деле болсо жалпы коомчулуктун кызыгуусун жаратып келе жатат. Анткени, Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттүүлүк, анын кызыкчылыгы жана көз карандысыздыгы үчүн болгон саясий күрөшү азыр дагы актуалдуу. Ошондуктан Жусуп Абдрахмановдун ысымы жана ишмердүүлүгү адамдардын аң-сезиминде жашап, ажырагыс байланышта экендиги бекеринен эмес. Кээ бир улуттук лидерлер коомчулуктун символу жана саясий жүрүм-турумдун үлгүсү болот, Жусуп Абдрахманов дагы "Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн символу" менен "Көз карандысыздыктын символу" болуп калды. Анткени, Жусуп Абдрахманов тууралуу тарыхый документтер жана материалдар менен таанышканда, ал суверендүүлүк үчүн туулган адам катары аң-сезимде орноп калат. Ал эми, архивдик жаңы малыматтар жана Жусуп Абдрахмановдун өздүк архиви айтылган маселелерге далил болуп, жаңы тарыхтын жазылышына өбөлгө түзөт.

Кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн максаттуу күрөшүнүн натыйжасында Жусуп Абдрахманов өлкөнүн өнүгүшүн камсыз кылып, өмүрүн улуу күрөштөргө арнаган. Ошондуктан кыргыз совет мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түзүүчүлөрдүн башында турган, өлкөнүн көз карандысыз, эркин өнүгүшү үчүн өмүрүн берген белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмер Жусуп Абдрахмановдун көп кырдуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн изилдөө Кыргыз Совет мамлекетинин түзүлгөндүгүнүн жүз жылдык тарыхын окуп-үйрөнүү үчүн да маанилүү болуп эсептелет.

**2. Илимий жыйынтыктары.**

1. Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү боюнча илимий изилдөө учурунда Россия (Москва, Самара, Оренбург), Өзбекстан (Ташкент), Казакстан (Алма-Ата) жана Кыргызстанда (Бишкек, Каракол) табылган жаңы маалыматтарды киргизүү аркылуу ар тараптуу изилдөө жүргүзүлдү.

2. Чыгаан мамлекеттик ишмердин кыздарын, жакын туугандарын жана айылдаштарын сурамжылоонун негизинде ата-теги, бир туугандары, үй-бүлөсү жана окуп билим алышы тууралуу маалыматтар алгачкы жолу такталды.

3. Жаңы тарыхый булактарга таянып, Жусуп Абдрахмановдун улуттук лидерлик жана мамлекеттүүлүктү түзүүдөгү орду, 20 – 30 – жылдарда өлкөнүн чарбалык – маданий өнүгүшүнө кошкон ишмердүүлүгүнө кеңири талдоо жүргүзүлдү.

**3. Изилдөөнүн илимий практикалык мааниси** - изилдөөнүн жүрүшүндөгү жыйынтыктардын жана болгон материалдардын негизинде Кыргызстандын тарыхында өзгөчө орду бар Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмер катары анын ролун терең түшүнүүгө жардам берүү менен түшүндүрүлөт. Жусуп Абдрахмановдун диссертациядагы изилденген көп кырдуу бай мамлекеттик ишмердүүлүгү азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасынын демократиялык өнүгүү жолундагы ар тараптуу маселелерди чечүүдө кандайдыр бир деңгээлде көмөктөшүшү мүмкүн. Ошондой эле изилдөөдөн алынган илимий тыянактар жана сунуштар

тарыхый инсандардын өмүрүн жана ишмердүүлүгүн окуп – үйрөнүүдө жогорку окуу жайлардын, орто мектептердин Ата Мекен тарыхы боюнча окуу куралдарын түзүүдө, атайын курстарды, семинарларды жана лекцияларды уюштурууда жардамы тийет. Ата Мекен тарыхынын совет доорундагы маселелерди иштеп чыгуу үчүн пайдаланууда көмөк көрсөтөт.

**4. Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөчү тарабынан тарыхнааманын талдоосу көрсөткөндөй Жусуп Абдрахмановдун өмүр жолун толук жана ар тараптуу, терең изилдөө иштери жокко эсе. Мурда пайдаланылбаган архивдик, илимий материалдарды, массалык маалымат каражаттарында жарыяланган макалаларды илимий айлампага киргизди. Изилдөөнүн жыйынтыгында илимий иш боюна материалдардын, жоболордун жана корутундулардын көлөмү кеңейтилди.

**5. Илимий иштин адистикке ылайыктуулугу.** Ага окутуучу Жумалиева Венера Боронбаевнанын "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темадагы диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет. 07.00.02 – Ата Мекендик тарых адистиги боюнча диссертацияларга коюлган бардык талаптарга толук жооп берет.

**6. Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин толуктугу.** Диссертациялык иштин жоболору жана жыйынтыктары республикалык жана эл аралык илимий-практикалык семинарларда жана конференцияларда баяндамаларда жана чыгып сүйлөөлөрдө камтылган. Ошондой эле диссертациялык иштин жоболору жана жыйынтыктары автордун республикалык жана чет өлкөлүк басылмаларда чыккан макалаларында, атап айтканда, РИНЦ базасында индекстелген 14 илимий макалада жана 1монографияда баяндалган.

**7. Коргоого сунуштар.**

1. Жумалиева Венера Боронбаевнанын 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз

Республикасынын окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү жобосунун талаптарына жооп берген өз алдынча, аяктаган илимий иш болуп саналат. Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү КР УАКтын талаптарына жооп берет.

**ТОКТОМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:**

1. Жумалиева Венера Боронбаевнанын “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишинин корутундусу бекитилсин.

2. Жумалиева Венера Боронбаевнанын “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” деген темадагы диссертациялык иши тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча изденип алуу үчүн коргоого сунушталсын.

3. “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” деген диссертациялык иш боюнча кандидаттык программасы бекитилсин.

КР УИАнын Б.Жамгырчинов атындагы Тарых,
археология жана этнология институтунун
XX к.башынан азыркы мезгили тарыхынын
бөлүм башчысы, т.и.к. Кубатова А.Э.

КР УИАнын Б.Жамгырчинов атындагы Тарых,
археология жана этнология институтунун
XX к.башынан азыркы мезгили тарыхынын
илимий кызматкери Султаналиев Б.Т.